КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ БАТКЕН ОИИБнын КАДАМЖАЙ РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА УВД БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ МИНИСТЕРСТВА ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ИНН 02503201310105
«__» 02 2021-ж/г.
№ 617566
720300, г.КАДАМЖАЙ, ул. А. Ерхобаевича, 72

«БЕКИТЕМИН»
Кадамжай РИИБнын ЖКБнын
тескөөчүсү милициянын майору
__________ Б.Жалалов
«__» __________ 2021-жыл.

«БЕКИТЕМИН»
Үн-Коргон №115 кесиптик
лицейинин директору
__________ А.Рахматуллаев
__________ 2021-жыл.

**2020-2021 Окуу жылы боюнча (жашы жете электердин) окуучулардын арасында кылмыш кылуу, укук бузуулардын жана жоосун жасагандардын алдын-алууда биргелешип өткөрүүчү иш-чаралардын**

**ИШ-МЕРЧЕМИ.**

1. Окуучулар арасында "COVID-19" жугуштуу илдетин алдын алуу жана жайылуусуна бөгөт коюу максатында окуучулар менен алдын ала түшүндүрүү иштерин тынымсыз негизде алып баруу.
   **Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
   **Мөөнөтү**: дайыма

2. Окуучулар арасында укук бузууларды алдын алуу максатында "Көксал-Топтан" мектебинин администрациясынын өкүлдөрүнөн, педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн, ЖИИ тескөөчүлөрүнөн, педагог-тарбиячылардан, ата-энелерден, жогорку класстардан, ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнөн турган мектептин алдын алуу кеңешин түзүү.
   **Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
   **Мөөнөтү**: 2021-жылдын январь айы

3. Окуучуларды аскердик-патриоттук жактан тарбиялоо максатында "Мен-Мекенимдин коргоочусумун" деген темага көркөм жазуу, аскердик патриоттук ырларды ырдоо сынактарын өткөрүү
   **Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
   **Мөөнөтү**: 2021-жылдын февраль айы

4. Окуучулардын кылмыштарын жана укук бузууга жөндөмдүү шарттарын, себептерин табуу, себептерге талдоо жүргүзүү, жүргүзүлгөн талдоонун негизинде аларды жоюу боюнча айкын чараларды кабыл алуу.
   **Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
   **Мөөнөтү**: дайыма

5. Окуучулар арасында опузалоо, топтошуп мушташуу жана зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу, алдын алуу боюнча биргелешкен иш-чараларды өткөрүү.
   **Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
   **Мөөнөтү**: макулдашуу менен

6. Турмуштук оор кырдаалга кабылган окуучуларды аныктоо процессин үзгүлтүксүз камсыз кылуу, алардын "көчө балдарына" айланып кетишин эскертүү максатында аларга психологиялык жана маалыматтык жардам көрсөтүү.

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

7. Окуучуларга алкоголду, тамекини, баңгизаттарды колдонуунун жана зомбулуктун баардык коркунучунтарын жеткизүү, дени сак жашоого кошуу, соо жүрүү - бул адамдын төрөлгөндөгү ден-соолуктун табигый абал жана аны алкоголизация, баңгизат жана тамеки чегүүнү пропагандалаган программалардан өзүн сактоо жана билүү керек экендигин түшүндүрүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: ай сайын

8. Кароосуз жана көзөмөлсүз калган жашы жетпегендерди, ынтымагы жок үй-бүлөлөрдү табуу максатында, биргеликте «Камкордук», «Өспүрүм» аттуу алдын алуу иш-чараларын өткөрүү.

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: макулдашуу менен

9. Экстремизмдин коомдогу коркунучун, өзгөчө улуттар аралык, диндер аралык арыздашууլардын коркунучтуулугун түшүндүрүү боюнча класстык сааттарды мезгилдүү өткөрүүнү уюштуруу.

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: чейрек сайын

10. Психоактивдүү заттарды колдонуучу окуучуларды аныктап, аларды "тобокел тобуна" киргизүү менен аныкталган окуучулар менен тынымсыз алдын алуу иштерин жүргүзүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

11. Өз өмүрүнө кол салууга жөндөмдүү окуучуларды аныктап, аларды "тобокел тобуна" киргизүү менен аныкталган окуучулар менен тынымсыз алдын алуу иштерин алып баруу

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

12. Балдардын болуусуна тыюу салынган же болуусу чектелген коомдук жерлер боюнча кеңири маалыматтарды берүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

13. Жашы жете электерге карата ар кандай формадагы зордук-зомбулуктардын алдын алуу максатында, ички жана тышкы мигранттардын, балдарына карата терс таасирин тийгизген, жайсыз үй-бүлөлөрдү аныктоо боюнча туруктуу негизде иш алып баруу

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

14. Жүрүм-туруму оор окуучулардын эс алуусун камсыз кылуу жана окуучулар арасында топтошуп мушташуу фактыларына бөгөт коюу максатында шаарда жайгашкан билим берүү мекемелеринин окуучулары арасында спорттук медештерин уюштуруп өткөрүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: макулдашуу менен

15. 8-март "Аялдар Эл аралык күнү", 21-март "Нооруз", 1-май "Эмгек майрамы", 5-май "Конституция күнү", 9-май "Жеңиш күнү" 25-май "Акыркы коңгуроо" майрамдык иш-чараларында жаш өспүрүмдөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу менен, майрамдык иш-чараларын өткөрүүдө жаш өспүрүмдөр тарабынан укук бузуулардын алдын алуу максатында, өспүрүмдөргө жана ата-энелерине тийиштүү чогулуштарды өткөрүү жана түшүндүрүү иштерин алып баруу

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: майрам күндөрү

16. Мектеп рэкетин алдын алуу максатында, окуучулар арасында сурамжылоо жана анкета жүргүзүү, уюштурулган иш-чаранын жыйынтыгы менен мектеп окуучуларынын арасындагы опуза талап кылуу фактыларына бөгөт коюу багытталган алдын алуу иштерин жүргүзүү.

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: макулдашуу менен

17. Окуучуларды жол-унаа кырсыктарынан алдын алуу үчүн "Жол кыймылынын эрежелери" темасындагы лекция маектешүүлөрдү өткөрүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: ай сайын

18. Окуучулардын арасында ар кандай формадагы укук бузуу фактыларын алдын алуу максатында, окуучулар арасынан түзүлгөн "МЖЖ" отряддарынын ишмердүүлүгүн күчөтүү

**Аткаруучу**: мектеп администрациясы, ЖИИ кызматкери
**Мөөнөтү**: дайыма

19. Лицейде өтүлүүчү аскерге чейинки даярдык сабагында "Эрктүүлүк" темасындагы сабактарды өткөрүү

**Аткаруучу**: аскерге чейинки даярдык сабагынын мугалими
**Мөөнөтү**: чейрек сайын

**Иш-Мерчем түзгөндөр:**

**Кадамжай РИИБнин ККнын ЖИИнын участкалык инспектору милициянын кенже лейтенанты**

_______________ **А.Саттаров**

**Уч-Коргон кесиптик лицейинин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары**

_______________ **А.Абдуразаков**